**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы Чүй областынын Кемин районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Аудит объекттери**

Аудит объектилери болуп Кемин райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин райондук башкармалыгы, Кемин районунун Өнүктүрүү фонду, Кемин шаарынын мэриясы, Орловка шаарынын мэриясы, 11 айыл өкмөттөрү, 6 муниципалдык ишканалар эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;

- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы ондоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Кемин райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин финансы башкармалыгында, Кемин районунун Өнүктүрүү фондунда, Кемин шаарынын мэриясында, Орловка шаарынын мэриясында, 11 айыл өкмөттөрүндө, 6 муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы.**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кемин районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарын пайдалануунун мурдагы аудиттеринде аныкталган:

- финансылык бузуулар – **5 109,3 миң сом**.
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-11 399,9 миң сом**.
- каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу- **1 082,1 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 082,9 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 620,1 миң сому калыбына келтирилген.

Калыбына келтирилбеген **1 462,8** миң сом калган (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы), анын ичинде:

- Кемин шаарынын мэриясы – 175,4 миң сом; (андан тышкары, объекттерди өз мөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн, келишимдердин шарттарына ылайык, 1 399,4 миң сом суммасында айыптык санкциялар өндүрүлгөн эмес);
- Орловка шаарынын мэриясы – 916,6 миң сом;
- Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү – 162,9 миң сом;
- "Чым- Коргон айыл өкмөтү-207,9 миң сом (андан тышкары, объекттерди өз мөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн, келишимдердин шарттарына ылайык, 400,6 миң сом суммасында айыптык санкциялар өндүрүлгөн эмес).

**Кемин районунун 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

Кемин районунда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 2022-жылы 20 082 627,2 миң сомду түзгөн, бул 2021-жылга салыштырмалуу (өндүрүштүн көлөмү 21 620 903,1 миң сомду түзгөн) 93,0% түзөт.

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмүнүн төмөндөшү "Алтынкен" ЖЧКнын ишмердигинин өндүрүшү менен байланыштуу, мында, 2022-жылы өндүрүштүн деңгээли 2021-жылга салыштырмалуу 89,0% чейин кыскарган. Мындан тышкары, Орловка жылуулук жана суу менен камсыздоо ишканасы (2021-жылдын деңгээлине карата 85,0%), "Суу каналы" муниципалдык ишканасы (94,0%) жана балык өстүрүү жана сатуу боюнча чакан ишканалар (36,0%) продукция өндүрүүнүн көлөмүн төмөндөтүшкөн.

Физикалык көлөмдүн индекси 92,7 процентти түзгөн.

Кемин райондук мамлекеттик администрациясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалардын, мекемелердин, чарбалардын жетекчилери менен биргеликте инвестицияларды тартуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүүдө.

2022-жылы капиталдык салымдар 808 835,6 миң сомду түзгөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 108,3% түзгөн, мында капиталдык салымдар 747 018,6 миң сомду түзгөн. Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 99 727,3 миң сомго капиталдык жана утурумдук оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

Автомобиль транспорту менен жүк ташуулардын көлөмү 2022-жылы 383,1 миң тонна жүктү түзгөн, бул 2021-жылга карата 100,8% (379,9 миң тонна) түзөт.

Жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт менен 3 276,1 миң адам ташылган, бул өткөн жылга салыштырмалуу 108,5% түзгөн (3 018,2 миң адам).

2022-жылы жалпысынан 2 млрд.676 млн. 140 миң сомго айыл чарба продукциясы өндүрүлүп, өсүү темпи 106,0% түзгөн. (2021 – жылы-2 млрд.521 млн. 900 миң сом).

Кемин районунун калкы 48 360 адамды түзөт. Экономикалык жактан активдүү калкы 26 000, иштеген калкы 14 322.

Расмий жумушсуздуктун деңгээли 1,0% түзөт. Эмгекке жарамдуу курактагы ишке тартылбагандардын саны 58 адамды түзөт.

Жыл башынан бери 155 жумушсуз катталган. 2022-жылдын 12 айында Эмгек жана ишке орноштуруу департаменти аркылуу 19 адам жумушка орношууга жиберилген. Коомдук иштерге 35 адам жөнөтүлгөн.

Кемин районунда 12 844 үй-бүлө жашайт (аларда 48 360 адам). 671 үй-бүлөгө социалдык паспорттор толтурулган. Район боюнча жакырчылыктын пайызы 5,6% түзгөн.

Мамлекеттик (үй-бүлөлүк) жөлөкпулдарды алуучулардын саны 63 түзгөн. Жыл башынан бери мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөөгө керектелүүчү каражат 5 млн.32, 4 миң сомду түзгөн.

Кемин районунда Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 1843 адам жашайт. 15 адам социалдык кызматкерлердин көзөмөлүндө.

2022-жылы 74 920,0 миң сом суммасында 4 001 чарчы метрге 35 турак үй пайдаланууга берилген. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 126,4% түзгөн. 2 чакан жана орто бизнес ишканалары курулуп, пайдаланууга берилген.

2022-жылы район боюнча 36 долбоорду ишке ашыруу каралган. Каралган 36 долбоордун ичинен 21 долбоор 100 %, 4 долбоор 60-90%, 5 долбоор 30-50% аткарылган.

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы.**

Кемин району боюнча 2022-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча, салыктык жана салыктык эмес төлөмдөр боюнча жеткирилген болжол 848 406,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө түшүүлөр 848 462,9 миң сомду түзгөн, бул жеткирилген болжолго карата 100,0% түзөт же 56,9 миң сомго көп түшкөн (2021-жылы план-божомол боюнча 634 560,8 миң сом каралган, 635 087,0 миң сом түшкөн, аткаруу 100,1% түзгөн).

План-божомол боюнча жергиликтүү бюджетке түшүүлөр 347 794,7 миң сом суммасында каралган, иш жүзүндө 365 526,1 миң сом түшкөн, 105,1% аткарылган, же 17 731,4 миң сомго ашыкча аткарылган (2021-жылы план 330 043,8 миң сомго каралган, иш жүзүндө 349 338,5 миң сом келип түшкөн, 105,8% аткарылган).

Чүй областынын Кемин районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзулүшүнүн жана аткарылышынын аудиттеринин алкагында: Кемин райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин башкармалыгы, Кемин районунун Өнүктүрүү фонду, Кемин шаарынын мэриясы, Орловка шаарынын мэриясы, 11 айыл өкмөттөрү, 6 муниципалдык ишканалар камтылган.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча бардыгы **52 495,1** миң сом финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджет долбоорлорун түзүүдөгү жана кароодогу бузуулар – **7 739,2** миң сом, анын ичинен:

Бюджеттин долбоору менен бир эле убакта түзүлүүчү бюджеттин долбоорун жана документтерди түзүүдөгү бузуулар – **7 739,2** миң сом, анын ичинде:

**11010510** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 7 739,2 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттерди аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер – **21 749,2 миң сом**, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге которулбаган каражаттар– **344,4** миң сом, анын ичинде:

**21030510** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 344,4 миң сом.

Капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюдежеттик каражаттарды пайдаланyудагы бузуулар – **7 807,7** миң сом, анын ичинен:

Милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар) – **6 441,1** миң сом, анын ичинен:

**230303** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 937,2 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар - 4 954,4 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 549,4 миң сом.

Каражаттарды чыгымдоодо, бюджеттин алуучуларынын жана башка бузуулары – **7 156,0** миң сом, анын ичинен:

**23070110** Бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен, отчет берүүгө авансаларды берүү – 55,6 миң сом;

**23070410** Ашыкча төлөө жана белгиленбеген төлөмдөр – 3 370,2 миң сом.

**23070810** Сотко кайрылуу себеби болуп, мекеменин кызматтагы адамдарынын аракеттери (аракетсиздиктери) эсептелген учурда, соттук доолорду аткаруу боюнча каражаттардын чыгымдалышы – 3 730,2 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер – **12 225,7** миң сом, анын ичинен:

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү сактоонун камсыздалбашы – **2 724,2** мин сом, анын ичинен:

**310104** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 271,8 миң сом;

**310105** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражаттарынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) -173,3 миң сом;

**310106** Тастыкоочу документтер жок туруп, мүлктү жана ТМБларды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу – 2 279,1 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар – **7 898,1** миң сом, анын ичинен:

**310202** Бюджетке ижара акысын өз учурунда чегерүүнү камсыздоо боюнча контролдоонун жана чараларды көрүүнүн жоктугу – 7 797,4 миң сом;

**310207** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү ижарага берүүдө ижара келишиминин шарттарынын сакталбашы – 100,7 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы жана башка бузуулар – **1 603,4** миң сом, анын ичинен:

**310301** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдаланууда негизги бузууларга кирбеген жана башка бузуулар – 1 603,1 миң сом.

Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар – **1 536,8** мң сом, анын ичинен:

Бюджеттик (бухгалтердик) эсепти жүргүзүү эрежелерин бузуу – **1 175,2** миң сом, анын ичинен:

**41011101** Бухгалтердик жана башка отчеттуулукту бурмалоо – 1 172,7 миң сом;

**41010501** Командировкалык чыгымдарды эсепке алуу боюнча мыйзам талаптарынын сакталбашы – 2,5 миң сом;

Бюджеттик отчеттуулукту түзүү эрежелерин бузуу - **250,0** миң сом, анын ичинен:

**41020210** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар – 250,0 миң сом.

Накталай акча менен иштөө эрежесин бузуу жана башка бузуулар – **111,6** миң сом, анын ичинен:

**41030110** Накталай акча каражаттары менен иштөө жана кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин сакталбашы – 111,6 миң сом;

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар – **9 244,2** миң сом, анын ичинен:

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар - **9 244,2** миң сом

**51011301** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 9 244,2 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кемин райондук мамлекеттик администрациясы**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 19 601,1 миң сом суммасына бекитилген, жыл ичинде 18 787,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 18 713,2 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 18 234,6 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, чектүү куракка жеткен (65 жаш) башкы адис С. Абдылдаева иштейт, ага 2022-жылдын 1-октябрынан тартып 2023-жылдын 1-августуна чейин **731,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде социалдык төлөмдөр 107,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлер муниципалдык кызматта болуунун чектүү курагына жеткенде ээлеген кызматынан бошотуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары өз убагында аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга электр энергиясын пайдаланууга 3 975,8 миң кВт/с ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 4 860,2 миң кВт/с түзгөн, же бекитилген ченемден ашыкча 884,4 миң кВт/с, **3 369,6** миң сомго пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Омурсаков А..

**Кемин шаарынын мэриясы**

2022-жылга бюджеттин такталган киреше бөлүгү 60 147,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 4 152,0 миң сом, иш жүзүндө түшүүлөр 66 114,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 7 096,5 миң сом, же план 109,0% пайызга аткарылган. 2022 – жылдын башына карата акча каражаттарынын эркин калдыгы 7 740,5 миң сомду, анын ичинен атайын эсептеги каражаттар-2 536,0 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 43 654,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинен 4 152,0 миң сом атайын эсептин каражаттарынын эсебинен бекитилген. Такталган чыгашалар 67 888,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде атайын эсептин каражаттары – 8 292,5 миң сом. Кассалык чыгаша 51 643,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 46 288,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облустары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **175,4** миң сом калыбына

келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы). Ошондой эле, келишимдин шарттарына ылайык, объекттерди өз мөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн **1 399,4** миң сом суммасында эсептелген айыптык санкциялары өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүнүш тарабынан калыбына келтирилбеген 175,4 миң сом боюнча материалдар Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 175,4 миң сомду калыбына келтирүү (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы) жана келишимдердин шарттарына ылайык, объекттерди өз мөөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн 1 399,4 миң сом суммасында эсептелген айыптык санкцияларды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 5 кызматкерлер кабыл алынган, аларга **525,0** миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 97,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде кызматкерлерге 2022-жылдын 31-декабрына карата эмгек акы китеби боюнча баланста чагылдырылбаган **59,8** миң сом өлчөмүндө эмгек акы ашыкча төлөнгөндүгү аныкталган. 2022-жылдын июнь айында кызматкерлердин эмгек акысынан **54,0** миң сом өлчөмүндөгү аванс кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Тиешелүү кызматкерлерден 54,0 миң сом өлчөмүндө кармалбаган аванс жана 59,8 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн эмгек акы өндүрүлсүн (болгон реестрге ылайык).

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бухгалтердик балансκа ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата Социалдык фондго которуулар боюнча карыз 64,9 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгынын билдирүүсүнө ылайык, төлөөчү деп таанылган камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыз 117,4 миң сомду түзгөн, башкача айтканда, кредитордук карыз боюнча айырма **52,5** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 52,5 миң сом өлчөмүндөгү кредитордук карыз тиешелүү бухгалтердик документтерде чагылдырылсын. Мындан ары, эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөө жүргүзүлсүн.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгы тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн **47,9** миң сом суммасында туум эсептелген, бул жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна эсептелген төлөмдөр өз убагында которулсун.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга Кемин шаарынын мэриясына электр энергиясын пайдаланууга 861,1 миң кВт/с ченем бекитилген, иш жүзүндө 1 343,0 миң кВт/с пайдаланылган, же ченемден ашыкча 489,1 кВт/с, **1 368,6** миң сомго пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 1988-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери 2089 KRT, баштапкы баасы **271,8** миң сом ЭО 2621 трактору баланс боюнча көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 1988-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери 2089 KRT, баштапкы баасы 271,8 миң сом ЭО 2621 трактору инвентардык тизмеге киргизилгендиги жана Кемин шаарынын мэриясынын балансына эсептик наркы боюнча кабыл алынгандыгы эске алынсын. Мындан ары, автотранспортту жана башка атайын техникаларды сатып алууда, бухгалтердик эсепке жана балanska өз убагында коюлушу катуу көзөмөлгө алынсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 17-октябрындагы № 32/22 келишимине ылайык, ЖИ Г.Т. Абдымамбетовага 2022-жылдын 14-декабрында таштанды контейнерлерин жеткирүү үчүн алдын ала төлөө катары 250,0 миң сом которулган. Контейнерлер 2023-жылдын 25-январында жеткирилген. Бирок, бухгалтердик баланс боюнча, 2022-жылдын 31-декабрына карата **250,0** миң сом дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес, башкача айтканда жашырылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жашырылган дебитордук карыздын пайда болушуна жол берилбесин.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, бааларга мониторинг тийиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Тандалма аудитте мыйзамдарда каралган жол-жоболорсуз, жалпы суммасы **405,7** миң сомго мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев.

**«Кемин Суу канал» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кемин шаарынын мэриясы)

2022-жылга Пайда жана зыяндар жөнүндө отчетко ылайык, ишкананын операциялык иштен негизги кирешеси 4 050,6 миң сомду түзгөн, товарларды сатуунун өздүк наркы 112,3 миң сом, натыйжада 3 938,3 миң сом дүң пайда алынган, жалпы административдик чыгымдар – 3 691,3 миң сом, же ишкананын таза пайдасы 410,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкана тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифтери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Чүй областтык бөлүмү менен макулдашылган жана Кемин шаардык кеңешинин 2015-жылдын 30-мартындагы №112 27-26 токтому менен бекитилген, мында суу менен камсыздоо "Суу-өмүр" ИСКАКБ тарабынан ишке ашырылган.

**Сунуштама:**

"Кемин суу каналы" МИ калкты, бюджеттик жана башка уюмдарды ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө баалардын прейскуранты түзүлсүн жана белгиленген тартипте бекитилсин жана тиешелүү органдар менен макулдашылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол барактары ж.б.) толук көлөмдө тариздельбейт. Атайын техниканын спидометрлери иштебеген абалда турат.

**Сунуштама**

Атайын техниканын спидометрлери иштеген абалга келтирилсин. Мындан ары, күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол баракчалары ж.б.) толук көлөмдө толтурулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит 2022-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик баланс боюнча маалыматтардын, активдердин жана пассивдердин айрым көрсөткүчтөрү туура эмес көрсөтүлгөндүгүн белгилейт. Алсак, 1410 "Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн алууга каралган эсептер" эсеби боюнча баланстын маалыматы боюнча 2 999,9 миң сом суммасы чагылдырылган. Ошол эле учурда, баштапкы эсепке алууга ылайык (1С программасынын маалыматтары) керектөөчүлөрдүн ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн карызы 1 512,3 миң сомду түзгөн, же айырма 787,6 миң сом.

Эмгек акы китебине ылайык, кызматкерлерге эмгек акы боюнча карыз, 2022-жылдын 31-декабрына карата 150,7 миң сомду түзгөн, ал эми бухгалтердик баланстын маалыматтарында 3520 "чегерилген эмгек акы" эсеби кыска мөөнөттүү милдеттенме катары жок.

МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгынын өздүк эсебинин жана салыштыруу актысынын маалыматтарына ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата салыктар жана Социалдык фондго которуулар боюнча карыздар жок. Бирок, баланстын маалыматтары боюнча, ушул эле күнгө карата төмөнкүлөр көрсөтүлгөн: 3400 "төлөөгө каралган салыктар" эсеби боюнча кредитордук карыз – 121,5 миң сом, 3530 "социалдык камсыздандырууга чегерилген төгүмдөр" эсеби боюнча кредитордук карыз 97,0 миң сом, же кредитордук карыздын жогорулатылышы бардыгы 218,5 миң сомду түзгөн.

Бухгалтердик отчеттуулуктун бурмаланышы бардыгы **1 156,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Дебитордук жана кредитордук карыздарды жүргүзүү боюнча баштапкы бухгалтердик эсеп жана баланстын маалыматтары иш жүзүндөгү маалыматтарга шайкеш келтирилсин. Мындан ары, бухгалтердик отчетту бурмалоого жол берилбесин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мейманалиев Дж.

**Орловка шаарынын мэриясы**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 116 512,3 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 5 010,0 миң сом, иш жүзүндө 120 579,6 миң сом түшкөн, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 5 268,1 миң сом, же план 103,0% аткарылган, же жергиликтүү бюджетке акча каражаттары пландалгандан 4 067,3 миң сомго көп түшкөн.

2022-жылдын башына карата акча каражаттарынын эркин калдыгы 29 659,6 миң сомду түзгөн, алардын ичинен 5 508,8 миң сомун атайын эсептин каражаттары түзөт.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын эсептин каражаттарысыз 107 212,4 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 135 653,1 миң сомго такталган. Кассалык чыгаша 124 827,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 101 666,0 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары

боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **916,6** миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүнүш тарабынан калыбына келтирилбеген 916,6 миң сом боюнча материалдар УКМКнын Чүй областы боюнча башкармалыгына жиберилгендиги белгиленсин. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 916,6 миң сомду калыбына келтирүү (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы) боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга айыл чарба багытындагы эмес жерлер боюнча салык, салык төлөөчүлөрдүн тизмесине ылайык 2 716,4 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешелердин бул түрү боюнча такталган план 2 700,0 миң сомго бекитилген, башкача айтканда, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү **16,5** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген Айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө Жобону бузуу менен, айкалыштырып иштегендиги үчүн 3 кызматкерге **127,5** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде 18,8 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айкалыштырып иштегендиги үчүн эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген Айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө Жобонун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомун бузуу менен, 3 штаттан тышкаркы бирдик (мамлекеттик сатып алуулар боюнча адис, ТЖКЧ боюнча бухгалтер, методист) киргизилген, аларга 316,2 миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 46,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга электр энергиясын пайдаланууга 572,6 миң кВт/с өлчөмүндө ченем бекитилген, иш жүзүндөгү чыгым 638,7 миң кВт/с түзгөн, же белгиленген ченемден ашык 66,1 миң кВт/с электр энергиясы **216,3** миң сом суммасында пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 2022-жылы Орловка шаарынын мэриясынын 2 бала бакчасында бала бакчалардын кызматкерлеринин тамактануусуна төлөм боюнча карыз **17,5** миң сомду ("Лесная сказка" бала бакчасы – 9,2 миң сом; "Ромашковый сад" бала бакчасы-8,3 миң сом) түзгөндүгү аныкталган жана эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Бала бакчалардын кызматкерлеринин тамактануусу үчүн жалпы суммасы 17,5 миң сом карыз ("Лесная сказка" бала бакчасы – 9,2 миң сом; "Ромашковый сад" бала бакчасы-8,3 миң сом) аудиттин жүрүшүндө өндүрүлгөндүгү эске алынсын. Мындан ары, тамак-аш азыктарын эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомун бузуу менен, "Форд Маверик" кызматтык жеңил автомобилинин кыймылдаткычынын көлөмү 2987 куб.см түзөт, башкача айтканда 4-пунктта көрсөтүлгөн 2700 куб. см көлөмүнөн ашык.

Мындан тышкары, спидометрлердин бузук абалда болгондугуна байланыштуу, айрым автоунаалардын жол баракчалары толук көлөмдө толтурулган эмес.

**Сунуштама:**

Автотранспорт каражаттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомунун талаптарына шайкеш келтирилсин. Спидометрлер иштеген абалга келтирилсин. Мындан ары, күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол баракчалары ж.б.) толук көлөмдө толтурулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**“Орловка Суу каналы” муниципалдык ишканасы**

Ишкананын 2022-жылга берилген отчетуна ылайык, жалпы өздүк кирешеси 11 390,0 миң сомду түзгөн. Чыгымдардын өздүк наркы 11 891,3 миң сомду түзгөн. Иш жүзүндө салык салынуучу өздүк киреше 5 431,7 миң сомду түзгөн, чыгашалардын өздүк наркы 926,4 миң сомду түзгөн. Жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана 4 505,3 миң сом зыян тарткан. Чыгымдар Орловка шаарынын мэриясы тарабынан берилген каражаттардын эсебинен жабылган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол барактары ж.б.) толук көлөмдө толтурулбган эмес. Автотранспорт каражаттарынын спидометрлери иштебеген абалда.

**Сунуштама:**

Автотранспорт каражаттарынын спидометрлери жумушчу абалга келтирилсин. Мындан ары, күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол баракчалары ж.б.) толук көлөмдө толтурулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Омурсаков А.

**Ак-Түз айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 27 643,2 миң сомго бекитилген, иш жүзүндө 27 390,1 миң сом киреше түшкөн, план 99,0% аткарылган, же 253,1 миң сомго аз түшкөн. 2022-жылдын башына карата акча каражаттарынын эркин калдыгы 5 020,2 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 2 589,9 миң сом суммасында бекитилген жана 27 874,7 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 8 717,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 6 053,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, айылдык кенештин токтомдору менен бюджетке 5 жолу өзгөртүүлөр киргизилген, анын ичинде 2022-жылдын 28-декабрында.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бузуу менен, бала бакчалардагы балдардын ата-энелеринен тамак-ашка түшкөн накталай акча каражаттары айыл өкмөтүнүн бухгалтердик эсеби жана отчеттуулугу боюнча эсепке алынбайт, түздөн-түз банкка төлөнөт. Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн тартипти бузуу менен, накталай акча каражаттарынын жүгүртүлүшү **111,6** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бала бакчаларда накталай акча каражаттарын жүгүртүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибине ылайык жүргүзүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы турмуш-тиричилик калдыктарын ташып чыгарууга тарифтердин жоктугуна байланыштуу (2023-жылы бир адамга айына 20 сом өлчөмүндө бекитилген), Ак-Түз айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелеринин жоготуулары айына орточо 16,6 миң сомду, же жылына **198,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, көрсөтүлүүчү кызматтарга тарифтерди өз убагында бекитилбегендиктин натыйжасында бюджеттин жоготуусуна жол берилбесин.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ак-Түз айылынын суу түтүк жана суу бургуч түтүктөрүн (канализациясын) күтүү жана тейлөө айыл өкмөтүнүн эсебинен жүргүзүлөт, ошону менен бирг,е айыл тургундары, чарбакер субъекттер таза суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды агызуу үчүн акы төлөбөйт, бул Ак-Түз айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелеринин жоготуусуна алып келет. Ошону менен бирге, аудит мезгилинде суу менен жабдуу тутумун күтүүгө **1 000,0** миң сом бюджеттик каражат сарпталган.

**Сунуштама:**

Бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу максатында, суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу үчүн тарифтерди бекитүү жөнүндө Айылдык кеңешке сунуш киргизилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Сакиев М.

**Алмалуу айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 628,6 миң сомго бекитилген, жыл ичинде план 9 583,8 миң сомго такталган, иш жүзүндө 10 107,3 миң сом киреше түшкөн, же план 105,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 343,6 миң сомго бекитилип, 9 552,5 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 8 886,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 676,2 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **190,8** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**Боролдой айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 7 361,8 миң сомго бекитилген, 9 244,8 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө аткаруу 9 234,2 миң сомду түзгөн, же план-100,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 444,0 миң сомго бекитилип, 9 024,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 7 757,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 7 729,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери түзүлгөн, ошондой эле ижара акысы боюнча жалпы суммасы 2 203,2 миң сом салык калдыгы болгон, мында 2022-жылга ижарачылардан түшүүлөрдүн болжолу 1 036,6 миң сом суммасында бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы **1 166,5** миң сомго азаюу менен түзүлгөн жана бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 7 кызматкер кабыл алынган, аларга **629,3** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Соцфондго төлөмдөр 83,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына **38,1** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Токтосунов К.

**«Боролдой турак-жай коммуналдык чарбасы» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Боролдой айыл өкмөтү)

Ишкана тарабынан 2021-2022-жылдар үчүн Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчет жана Бирдиктүү салык декларациясы түзүлгөн эмес.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жыйынтыгы боюнча Ишканага киреше салыгы кошумча эсептелген, анын ичинде 2021-жылга 17,4 миң сом; 2022-жылга-39,5 миң сом. Аудит мезгилинде бардыгы пайдага салык **56,9** миң сом өлчөмүндө кошумча эсептелген.

**Сунуштама:**

2021-2022-жылдарга 56,9 миң сом суммасында кошумча эсептелген пайдага салык тиешелүү бюджетке төлөнсүн. 2021-2022-жылдарга Бирдиктүү салык декларациясы түзүлсүн, салык органдарына тапшырылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бекитилген штаттык сандан ашыкча ар кандай жумуш аткаруучу (разнорабочая) М.Кулманбетова ишке кабыл алынган, ага **28,1** миң сом негизсиз төлөнгөндүгү аныкталган, анын ичинде 4,1 миң сом камсыздандыруу чегерүүлөрү.

**Сунуштама:**

Мындан ары, уюштуруучу- Боролдой айыл өкмөтү тарабынан бекитилген штаттык ырааттама так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Токтосунов К.

**Жаңы-Алыш айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 971,0 миң сомго бекитилген, анын ичинде трансферттер – 1 700,0 мин сом, атайын эсептин каражаттары -600,0 миң сом. Жыл ичинде план 8 982,1 мин сомго такталган, анын ичинде, трансферттер- 4 340,9 миң сом, атайын эсептин каражаттары – 638,2 миң сом. Планды аткаруу 5 798,7 миң сом суммасында камсыздалган (трансфертти эсепке албаганда), же такталган планга карата 125,0%, же пландалгандан 1 157,5 мин сомго киреше көп түшкөн. 2022-жылдын 1-январына карата акча каражаттарынын калдыгы атайын эсептин каражаттарынын калдыгын эсептегенде 2 750,5 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын 1-январына карата калдык 1 944,4 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 371,0 миң сом суммасында бекитилген, тактaлган план 10 700,1 миң сомду түзгөн, кассалык чыгаша 9 974,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 399,9 миң сомду түзгөн, ижара акысы боюнча карыз 2022-жылдын 1-январына карата 274,2 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план бардыгы 405,3 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз 268,8 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошондой эле, калктуу конуштардын жерлери үчүн 2022-жылга ижара акысы 183,4 миң сомду түзгөн, 2022-жылдын 1-январына карата ижара акысы боюнча карыз 18,8 миң сомду түзгөн, мында, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план бардыгы 122,4 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз 79,8 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошондой эле, айыл чарба жерлерине тийиштүү жер участогуна мүлк салыгы боюнча 2022-жылдын 1-январына карата карыз (салык калдыгы) бардыгы 486,2 миң сомду түзгөн, бирок, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план бардыгы 28,8 миң сомду түзгөн, же бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз 457,4 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошентип, аудит мезгилинде жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн натыйжасында жоготуулары бардыгы **806,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2020-жылдын 27-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, «Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясы жана Жаңы-Алыш айыл өкмөтүнүн ортосундагы үч тараптуу тынчтык макулдашуунун негизинде, жергиликтүү бюджеттен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикке "Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясы ирригациялык каналдарды реабилитациялоого алган кредиттер боюнча кепилдик милдеттенме үчүн 1 288,8 миң сом которулган. Ошондой эле, 36,7 миң сом өлчөмүндө мамлекеттик алым төлөнгөн. Жергиликтүү бюджеттин жоготуулары бардыгы **1 325,5** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу максатында, "Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясынан акча каражаттарын өндүрүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына **26,0** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **80,4** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө жайыт комитетинен жергиликтүү бюджетке 80,4 миң сом төлөнгөндүгү эске алынсын (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү). Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит АЧЖМФ жерлеринин айрым ижарачылары менен түзүлгөн келишимдер, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобону бузуу менен, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ижарачылары менен түзүлгөн келишимдерди кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөрүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобонун талаптар ытак аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**“Жаңы-Алыш” машина-трактордук станциясы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Жаңы-Алыш айыл өкмөтү)

Ишкана 2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясын нөлдүк көрсөткүчтөр менен тапшырган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жаңы-Алыш айыл өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-июлундагы №28-9/20 токтому менен бекитилген "Жаңы-Алыш Машина-трактордук станциясы" муниципалдык ишканасынын Уставынын 6.6-пунктун бузуу менен, ишкананын 2022-жылга киреше бөлүгүнүн сметасы директор тарабынан бекитилген эмес жана Жаңы-Алыш айыл өкмөтү менен макулдашылган эмес. Көрсөтүлгөн кызматтарга жана жумуштарга тарифтер тиешелүү эсептөөлөр менен бекитилген эмес жана ишкананын болжолдонгон чыгымдары менен байланыштырылган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Жаңы-Алыш айыл өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-июлундагы №28-9/20 токтому менен бекитилген "Жаңы-Алыш Машина-трактордук станциясы" муниципалдык ишканасынын Уставынын талаптары так жетекчиликке алынсын. Көрсөтүлгөн кызматтарга жана жумуштарга тарифтерди бекитүүдө, зарыл болгон негиздөөчү эсептөөлөр берилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде Ишкана тарабынан анын максаттарына жана милдеттерине шайкеш келбеген чыгымдар жүргүзүлгөн. Алсак, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө арналган иш-чараларды өткөрүүгө 50,0 миң сом демөөрчүлүк жардам көрсөтүлгөн, мугалимдердин Спартакиадасына катышуу үчүн орто мектепке 11,2 миң сом бөлүнгөн, балдар бакчасы үчүн инвентарь сатып алуу 82,1 миң сомго

каржыланган жана башкалар. Көрсөтүлгөн демөөрчүлүк жардамдын жалпы суммасы **404,7** миң сомду түзгөн, бул ишкананын рентабелдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

**Сунуштама:**

Ишкананын максаттарына жана милдеттерине жооп бербеген чыгымдарга акча каражаттарын бөлүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы № 8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, жалданган кызматкерлердин (тракториsttердин жана комбайнерлердин) пайдасына жалпы суммасы 100,9 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген эмес жана которулган эмес (17,25 пайыз). Ошондой эле, убактылуу кызматкерлерден 10 пайыз өлчөмүндө жалпы суммасы **58,5** миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес жана которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыска мөөнөттө жалданган кызматкерлердин пайдасына камсыздандыруу төгүмдөрү (17,25%) 100,9 миң сом суммасында жана кызматкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрү (10%) 58,5 миң сом өлчөмүндө Мамлекеттик салык кызматынын Кемин району боюнча башкармалыгына которулсун.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 2022-жылдын мартынан декабрына чейинки бухгалтердик эсептин маалыматтары (эмгек акыны иш жүзүндө эсептөө) менен МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгына берилген ушул эле мезгил үчүн STI-161 отчетунун ортосунда **15,9** миң сом өлчөмүндө айырмачылыктар аныкталган. Ошентип, иш жүзүндө эсептелген эмгек акы 424,9 миң сомду түзгөн, ал эми Кемин райондук салык кызматына берилген мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары жана эмгек мамилелери боюнча киреше салыгы боюнча отчет боюнча (FORM STI-161) 409,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

2022-жылдын мартынан декабрына чейин бухгалтердик эсептин маалыматтарынын (эмгек акыны иш жүзүндө эсептөө) жана ушул эле мезгил үчүн STI-161 отчетунун ортосунда аныкталган айырмачылыктарга байланыштуу, МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгына 15,9 миң сом өлчөмүндө бухгалтердик эсепке зарыл түзөтүүлөр киргизилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтү тарабынан пайдаланылуучу тартылган техникага күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда, жол барактары мотосаатын көрсөтүү менен түзүлгөн эмес. Айыл чарба техникаларын максаттуу пайдаланууну жана күйүүчү майдын сарпталышын көзөмөлдөө үчүн GPS жабдуулары сатылып алынган. Бирок, GPS жабдуулар иштебейт. 2022-жылы иштеген мотосааттардын санын аныктоо мүмкүн болгон жок, анткени тиешелүү отчет түзүлө элек. Транспорт каражаттарынын запастык бөлүктөрү накталай эсептешүү менен сатылып алынган. Мында, дефекттик актылар жана орнотуулардын актылары түзүлгөн эмес.

Натыйжада, аудит мезгилинде тастыктоочу документтерсиз **1 605,7** миң сом суммасындагы күйүүчү-майлоочу материалдар жана **596,5** миң сом суммасындагы запастык бөлүктөр сарпталган.

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтерсиз эсептен чыгарылган 1 605,7 миң сом суммасындагы күйүүчү-майлоочу материалдар жана 596,5 миң сом суммасындагы запастык бөлүктөр күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке

таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, ишканада сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби бекитилген эмес, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландаштырылган наркын аныктоо үчүн рынокту талдоо менен сатып алуулар планы түзүлгөн эмес.

Натыйжада, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды жайгаштырбастан, аудит мезгилинде **2 348,4** миң сом суммасында товардык - материалдык баалуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Ильич айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 054,2 миң сомго бекитилген, анын ичинен атайын эсептин каражаттары 500,0 миң сом, жыл ичинде 9 644,8 миң сом суммасында такталган, анын ичинде өздүк каражаттар – 5 513,6 миң сом, теңдөөчү гранттар – 2 142,2 миң сом, атайын эсептин каражаттары -250,0 миң сом жана гранттар – 1 739,0 миң сом, иш жүзүндө аткаруу 7 840,5 миң сомду түзгөн же план-болжол 103,0% аткарылган, 330,5 миң сомго ашык аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 4 554,2 миң сомго бекитилип, 8 565,6 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 7 261,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын башына карата айыл өкмөтүнүн эсебиндеги калдык 1 099,8 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын 1-январына карата калдык 2 366,4 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы "Жол-Булак" балдар бакчасында балдардын болуу күндөрүн эсепке алуу журналынын маалыматына ылайык, балдардын тамак-ашына ата-энелерден 310,5 миң сом түшкөн. Ошол эле учурда, айыл өкмөтүнүн атайын эсебине 195,2 миң сом акча каражаты түшкөн. Ошентип, акча каражаттарынын **115,3** миң сом өлчөмүндө жетпей калуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө аныкталган 115,3 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттарынын жетпей калуусу калыбына келтирилгендиги эске алынсын (квитанциялар №374600051 28.09.2023-ж., №377400023 04.10.2023-ж. жана №377400023 25.10.2023-ж.). Мындан ары, акча каражаттарынын жетпей калышына жол берилбесин жана ата-энелерден түшкөн акча каражаттары айыл өкмөтүнүн атайын эсебине өз убагында которулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, аларга **836,4** миң сом эмгек акы төлөнүп берилген, анын ичинде Соцфондго төлөмдөр 120,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобону бузуу менен, айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине жалпы суммасы **79,8** миң сом эмгек акы ашыкча төлөө фактысы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине жалпы суммасы 79,8 миң сом ашыкча төлөнгөн эмгек акы күнөөлүү адамдар тарабынан жергиликтүү бюджетке калыбына келтирилгендиги эске алынсын (квитанция №309505587 05.10.2023-ж.). Мындан ары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобону бузуу менен, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен **5,0** миң сом өлчөмүндө киреше салыгы жана **70,6** миң сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө кызматкерлерден кармалбаган 5,0 миң сом өлчөмүндөгү киреше салыгы жана 70,6 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү Кемин району боюнча МСКна которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, киреше салыгы, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары жана эмгек мамилелери боюнча отчет берүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жыл ичинде АЧЖМФ жерлери жана айыл өкмөтүнүн карамагындагы жерлер үчүн жер салыгы жана ижара акысы боюнча салык калдыгы 459,4 миң сомго өсүп, **2 547,8** миң сомду жана **3 482,5** миң сомду түзгөн. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлери жана айыл өкмөтүнүн карамагындагы жерлер үчүн, айыптык санкциялары менен жер салыгы жана ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн. Жогоруда аталган карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Нуранов М.

**Кара-Булак айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 742,3 миң сомго бекитилген, такталган план 10 142,8 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү киреше 9 932,5 миң сомду түзгөн, план 97,9% аткарылган. 2022-жылдын башына карата айыл өкмөтүнүн эсебиндеги калдык атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен 1 718,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 742,3 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 10611,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 8 659,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 068,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, аудит мезгилинде штаттан ашыкча 2 штаттык бирдик киргизилген, аларга жалпы суммасы **259,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго которуулар 31,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Штаттык ыраатама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобону бузуу менен, жол баракчаларн жана эсептен чыгаруу актылары түзүлбөстөн **14,4** миң сом суммасында КММ эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

**14,4** миң сом суммасында негизсиз эсептен чыгарылган КММ күнөлүү жактардын эсебинен калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Кичи-Кемин айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, анын ичинде активдер, милдеттенмелер жана трансферттер 5 646,1 миң сомго бекитилген, такталган план 8 674,4 миң сомго белгиленген, иш жүзүндөгү киреше 9 117,9 миң сомду түзгөн, план 105% аткарылган, же пландалгандан 443,5 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 2 748,0 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 5 384,1 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 4 145,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 3 867,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Кичи-Кемин айылындагы Төлөгөнов көчөсүн жарыктандыруу" объектиси боюнча подрядчы "Нур Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан иштердин наркы **102,3** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган “Кичи-Кемин айылындагы Төлөгөнов көчөсүн жарыктандыруу" объектиси боюнча подрядчы "Нур Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан 102,3 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө

нускаманы бузуу менен, жылдын аягына **161,7** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **20,3** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 20,3 миң сом өндүрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документацияларды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **92,0** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жол-жоболрун уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейматкулов Р., Мусуралиев А.

**Көк-Ойрок айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 625,3 миң сомго бекитилген, 17 331,5 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 17 672,1 миң сомду түзгөн, же план 102% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 625,3 миң сомго бекитилген, такталган план 18 300,2 миң сомду түзгөн, кассалык чыгаша 11 256,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлар резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага **181,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Соцфондго төлөмдөр 16,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы Көк-Ойрок айыл өкмөтү тарабынан 25,0 миң сомдук чаң соргуч жана 20,0 миң сомдук принтер сатып алынган. Мында, жалпы суммасы **45,0** миң сомду түзгөн

жогоруда аталган сатып алынган негизги каражаттар бухгалтердик эсепке кириштелбестен, тике чыгымдарга киргизилген жана негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө жалпы суммасы 45,0 миң сомду негизсиз эсептен чыгарылган негизги каражаттар бухгалтердик эсепке алынгандыгы эске алынсын. Мындан ары, материалдык баалуулуктарды эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 111 086,0 миң сомго бекитилген, анын ичинен атайын эсептин каражаттары 1 200,0 миң сом, жыл ичинде 76 927,8 миң сомго такталган, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 1 400,0 миң сом, иш жүзүндөгү кирешелер 80 602,0 миң сомду түзгөн же план 105% аткарылган, кирешелер 3 674,2 миң сом көп түшкөн. 2022-жылдын башына карата айыл өкмөттүн эсебинде калдык атайын эсептин каражаттарын эсептегенде 50 792,3 мин сомду түзгөн. 2023-жылдын 1-январына карата эркин калдык 8 136,8 мин сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 109 886,0 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 125 567,5 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 121 286,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **162,9** миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүнүш тарабынан калыбына келтирилбеген 162,9 миң сом боюнча материалдар Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 162,9 миң сомду калыбына келтирүү (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы) боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери 1 464,6 миң сомго түзүлгөн, ижара акысы боюнча дебитордук карыз 1 966,4 миң сомду түзгөн. Мында АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга 1 358,7 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү 2 072,3 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошондой эле, өндүрүштүк эмес жерлер үчүн ижара акысы боюнча бюджеттин киреше бөлүгү 346,3 миң сомго жана айыл чарба жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салыгы 284,1 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн төмөндөтүүгө байланыштуу жоготуулары бардыгы **2 702,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 8-сентябрындагы №115-р буйругунун негизинде муниципалдык менчиктеги мүлктөрдү инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча **58,0** миң сом суммасындагы жабдуулардын (планшеттердин) жетпей калуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

Аныкталган 58,0 миң сом суммасында жабдуулардын (планшеттердин) жетпей калуусун күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн. Мындан ары, айыл өкмөтүнүн жетекчилиги негизги каражаттардын сакталышына катуу көзөмөл жүргүзсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы Г.Ж. Мадиева, "Кызыл-Октябрь "Машина-трактордук станциясынын" директорунун 2020-жылдын 1-майындагы №1 буйругу менен, бухгалтер кызмат ордуна кабыл алынган. Жыйынтыгында, 2022-жылдын 5-майынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин ага **97,5** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 16,8 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкердин акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүүсү боюнча, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда белгиленген талаптар так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 30-мартындагы үч тараптуу тынчтык келишиминин негизинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик (доогер), "Ороситель Ак-Тилек" суу пайдалануучулар ассоциациясы жана Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү (жоопкер) ортосундагы №Эд-229/20-МЧ-С1 иши боюнча жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан "Ороситель Ак-Тилек" суу пайдалануучулар ассоциациясы тарабынан алынган кредиттерди төлөөгө кепилдик милдеттенмелер түрүндө **1 764,3** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

«Ороситель Ак-Тилек" суу пайдалануучулар ассоциациясынан алган кредиттерин төлөөгө гарантиялык милдеттенме түрүндө төлөнгөн акча каражаттарын өндүрүп алуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте жумуштардын наркы жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Кызыл-Октябрь айылында спорт комплексин куруу" объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан **6 510,3** миң сомго;
- "Айыл өкмөтүнүн административдик имаратын куруу" объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан **564,3** миң сомго;
- "Ударник айылында сугат каналдарынын темир бетон лотокторун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан **442,2** миң сомго.

Ошондой эле, ишти өз убагында аткарбагандыгы үчүн аудит тарабынан келишимдин шарттарына ылайык, подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсына **188,6** миң сом суммасында туум эсептелген.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркынын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Кызыл-Октябрь айылында спорт комплексин куруу" объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан **6 510,3** миң сом;

- "Айыл өкмөтүнүн административдик имаратын куруу" объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан **564,3** миң сом;

- "Ударник айылында сугат каналдарынын темир бетон лотокторун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан **442,2** миң сом.

Ишти өз убагында аткарбагандыгы үчүн аудит тарабынан келишимдин шарттарына ылайык, **188,6** миң сом суммасында эсептелген туум подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсынан өндүрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча олуттуу өлчөмдөгү салык калдыгы 2022-жылдын ичинде дээрлик кыскарган эмес. Алсак, 2022-жылдын 1-январына карата төлөнбөгөн ижара акысы 1 966,4 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдын 1-январына карата салык калдыгы 1 767,1 миң сомду түзүп, болгону 199,3 миң сомго кыскарган. Салык калдыгын өндүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздарды айыптык санкциялары менен өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар жүргүзүлсүн. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Кутпидин уулу А. жана Мусуралиев А.

**"Кызыл-Октябрь "Машина-трактордук станциясы" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, салык салынуучу кирешелер 5 781,5 миң сомду, эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгашалар 3 402,2 миң сомду түзгөн, салык салынуучу пайда 2 379,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Көрсөтүлгөн кызматтарга бекитилген тарифтер тиешелүү эсептөөлөр менен бекитилген эмес жана ишкананын болжолдонгон чыгымдары менен байланыштырылган эмес.

**Сунуштама:**

Көрсөтүлгөн кызматтарга жана жумуштарга тарифтерди бекитүүдө, негиздөөчү материалдар тиешелүү эсептөөлөр менен берилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, ишканада сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби бекитилген эмес, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландаштырылган наркын аныктоо үчүн рынокту талдоо менен сатып алуулар планы түзүлгөн эмес.

Натыйжада, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды жайгаштырбастан, аудит мезгилинде **4 366,4** миң сом суммасында товардык - материалдык баалуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**“Кызыл-Октябрь турак-жай коммуналдык чарбасы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, салык салынуучу кирешелер 3 627,2 миң сомду, эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгашалар 3 488,0 миң сомду түзгөн, 139,2 миң сом салык салынуучу киреше алынган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Көрсөтүлгөн кызматтарга бекитилген тарифтер тиешелүү эсептөөлөр менен бекитилген эмес жана ишкананын болжолдонгон чыгымдары менен байланыштырылган эмес.

**Сунуштама:**

Көрсөтүлгөн кызматтарга жана жумуштарга тарифтерди бекитүүдө, негиздөөчү материалдар тиешелүү эсептөөлөр менен берилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде жалпы суммасы **55,6** миң сом эсепке берме акча каражаттары, тастыктоочу документтерсиз, негизсиз эсептен чыгарылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун 4-абзацын бузуу менен, командировкага баруу жана кайра келүү боюнча чыгымдарды тастыктаган документтерсиз **2,5** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Жалпы суммасы 58,1 миң сом негизсиз эсептен чыгарылган акча каражаттары күнөөлүү адамдардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда жол барактары түзүлгөн, бирок, бардык тиешелүү реквизиттер, анын ичинде спидометрдин көрсөткүчтөрү толтурулган эмес. Автотранспорт каражаттарын оңдоого дефекттик актылар жана орнотуу актылары түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө жобого так ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон

чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, ишканада сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби бекитилген эмес, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландаштырылган наркын аныктоо үчүн рынокту талдоо менен сатып алуулар планы түзүлгөн эмес.

Натыйжада, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды жайгаштырбастан, аудит мезгилинде **2 031,7** миң сом суммасында товардык - материалдык баалуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**Чоң-Кемин айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү трансферттер менен 14 540,1 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 20 922,1 миң сомго такталган, иш жүзүндө 21 914,5 миң сом түшкөн, же план 105% аткарылган. Айыл өкмөтүнүн эсебинде 2022-жылдын башына карата калдык атайын эсептин каражатаары менен 4 145,1 мин сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 919,3 миң сомго бекитилген, 22 306,1 миң сом такталган, кассалык чыгаша 13 431,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 11 221,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, аудит мезгилинде штаттан ашыкча 4 штаттык бирдик киргизилген, аларга жалпы суммасы **333,9** миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн, анын ичинде 49,1 миң сом социалдык төлөмдөр.

**Сунуштама:**

Штаттык ыраттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына **132,8** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке

алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кенешов Ш.

**Чым-Коргон айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 831,2 миң сом болуп бекитилип, 16 139,6 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 20 428,7 миң сом суммасында камсыздалган, же түшүүлөрдүн планы 102,7% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 831,2 миң сом бекитилип, 20 040,0 миң сомго такталган, кассалык аткарылышы 20 428,7 миң сом суммасында, иш жүзүндөгү чыгашалар 16 271,5 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облcountтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **207,9** миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы). Ошондой эле, келишимдин шарттарына ылайык, объекттерди өз мөөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн **400,6** миң сом суммасында эсептелген айыптык санкциялар өндүрүлгөн эмес .

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүм тарабынан калыбына келтирилбеген 207,9 миң сом боюнча материалдар Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 207,9 миң сомду калыбына келтирүү (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнун жогорулатылышы) жана келишимдердин шарттарына ылайык объекттерди өз мөөнөтүндө тапшырбагандыгы үчүн 400,6 миң сом суммасында эсептелген айыптык санкцияларды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча 1 421,0 миң сом суммасында өндүрүлбөгөн дебитордук карызы болгон. 2022-жылга 2 844,7 миң сомго АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери түзүлгөн. Ошону менен бирге, АЧЖМФ жерлеринин ижарасынан жергиликтүү бюджетке түшүүлөр 1 218,2 мин сомго пландаштырылган. Ошентип, жергиликтүү бюджетти түзүүдө, анын киреше бөлүгү **3 047,5** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн "Элдик" СПАнын «Сугат тармактарын реконструкциялоо" долбоору боюнча Чым-Коргон айыл аймагынын калкынын алган КММ (солярка) жана бюджеттик кредит боюнча сот органдарынын чечимдерин аткаруу максатында, жергиликтүү бюджеттен **1 965,9 миң** сом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикке төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна карыздарды төлөөгө байланыштуу, жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын себептери күнөөлүү адамдарды аныктоо менен талданып чыксын. Тиешелүү соттук доолорду коюу мүмкүнчүлүгүн каралсын. Дизель отунун алуучулардан жана "Элдик" СПАдан акча каражаттарын өндүрүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Жыйынтык:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилеринде аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин райондук финансы башкармалыгы** (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.); **Кемин районунун Өнүктүрүү фонду** (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.).

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары,Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор А. Омурсаков, тел.+996(312)623518